# Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллаауху лиман хамидах. Аллахумма Раббанаа лакал хамд, мил ассамаавaати, уа мил ал арди, уа мил а маа ши та мин шай ин баьд" - деп айтчу

Ибн Аби Авфа (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллаауху лиман хамидах. Аллахумма Раббанаа лакал хамд, мил ассамаавaати, уа мил ал арди, уа мил а маа ши та мин шай ин баьд" - деп айтчу.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллаауху лиман хамидах" - деп айтчу. Мааниси: Ким Аллах Таалага мактоолорду айтса, Аллах Таала анын дубасын кабыл кылат жана анын мактоо-шүгүрлөрүн кабыл кылып, ага сооп-сыйлыктарды берет. Андан кийин Аллах Таалага ушул сөздөр менен мактоо-шүгүрлөрдү айтат: Оо, Аллах! Раббибиз, Сага асман толо жана жер толо, андан кийин каалаган нерсең менен толтура мактоолор болсун. Асмандарды, жерди жана алардын ортосундагы бардык нерселерди толтурган мактоолор болсун жана Аллах каалагандай мактоолор болсун.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee